Педагогика

УДК: 37.012(811,111)
DOI: 10.52754/16947452_2022_2_165

# ОНЛАЙН БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ АРТЫКЧЫЛЫКТАР ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕР

*Дуванаева Карачач Токтомаматова,п.и.к., доцент,*
rayanadatka@mail.ru
*Кудайбердиева Айпери Бөрүбаевна,магистрант,*
kudaiberdieva0102@gmail.com
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Бул макалада Коронавирус пандемиясына байланыштуу дүйнө жүзүндө билим берүү мекемелери жабылып, карантин жарыяланып көптөгөн өлкөлөрдө жапырт дистанттык жана онлайн окутууга өткөрүлгөндүгүн, окуу процессиндеги мүчүлүштүктөр, жетишкендиктер жөнүндөгү ой-пикирлерди айткыбыз келди. Алардын катарында биздин өлкөбүздө да көптөгөн кандайдыр бир деңгээлде мүчүлүштүктөр менен бирге жакшы аракеттер да жүргөн. ЖОЖдордун жана мектептердин даярдыгы жок болгону менен өз алдынча чыгармачылык менен жаңы технологияларды өздөштүргөн окутуучулар, мектеп мугалимдеринин чыкканы кубандырган. Алардын аракеттери ишти алга жылдырууга чоң жардам берди. Онлайн окутуу ата-энелерге, мугалимдерге кыйынчылыктарды жаратуу менен бирге жаңы ыкмаларды, жаны технологияларды өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү да бере алган. Макалада онлайн билим берүүнүн артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилеп кетебиз.*

***Ачкыч сөздөр:*** *окуучулар, мугалимдер, ата-энелер, пандемия, онлайн окутуу, аралыктан окутуу, жаңы технология, иш-аракеттер, билим берүү, программа.*

# ПРЕИМУЩЕСТВА И НЕДОСТАТКИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОНЛАЙН ОБРАЗОВАНИИ

*Дуванаева Карачач Токтомаматовна, к.п.н., доцент,*
rayanadatka@mail.ru
*Кудайбердиева Айпери Борубаевна,магистрант,*
kudaiberdieva0102@gmail.com
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *В настоящей статье хотим поделиться своими мнениями о трудностях, преимуществах и недостатках онлайн обучения во время пандемии корона вируса, когда учреждения образования всего мира объявили карантин и перешли на дистанционную форму обучения. Также в нашей стране наблюдались и некоторые достижения, и трудности, связанные с онлайн обучением. Хотя не было никакой готовности к такой ситуации и такой форме обучения вузов и школ страны, но отрадно то, что были отдельные учителя, которые подошли творчески и добились определенных успехов. Именно старания таких учителей оказали большое содействие развитию онлайн*

*обучения.Несмотря на то, что онлайн обучение принесло много трудностей родителям и учителям, оно принесло и возможности освоения новых приемов и технологий обучения. В статье отмечены преимущества и недостатки онлайн обучения.*

***Ключевые слова:*** *ученики, учителя, родители, пандемия, онлайн обучение, дистанционное обучение, новые технологии, образование, программа.*

**ADVANTAGES AND DISADVANTAGES OF USING NEW TECHNOLOGIES IN ONLINE EDUCATION**

*Duvanaeva Karachach Toktomamatovna,*
*candidate of pedagogical sciences, associate professor*
rayanadatka@mail.ru
*Kudaiberdieva Aiperi Borubaevna,master*
*kudaiberdieva0102@gmail.com*
*Osh State University*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract:*** *In this article, we want to share our opinions about the difficulties, advantages and disadvantages of online learning during the coronavirus pandemic, when educational institutions around the world announced quarantine and switched to distance learning. Also in our country there were good achievements and difficulties associated with online learning. Although there was no readiness for such a situation and such a form of education in universities and schools of the country, it is gratifying that there were individual teachers who approached creatively and achieved some success. It is the efforts of such teachers that have greatly contributed to the development of online learning. Despite the fact that online learning has brought many difficulties to parents and teachers, it has also brought opportunities to master new teaching methods and technologies. In the article, we note the advantages and disadvantages of online learning.*

***Key words:*** *students, teachers, parents, pandemic, online learning, distance learning, new technologies, activities, education, program.*

## Киришүү

Дүйнө жүзү боюнча технологиялык билим деңгээли өрчүп өнүгүп жаткандыгына байланыштуу, 21-кылымда билим берүү программалары башка форматта өнүгүүсү жөнүндө ойлор окумуштуулар арасында көптөн бери талкууланып жүргөн. Классикалык түрдө класста же аудиторияда студенттер менен түздөн түз жолугуп, сабак окутуунун зарылдыгы жок деген ойлор айтылып келе жаткан. Пандемия мезгилинде алар туура жолдо бара жаткандыгын байкай алдык. Кыргызстанда 73 жогорку окуу жай , 170 миң студент жана жүздөгөн мамлекеттик, менчик мектептер бар. Билим берүү чөйрөсүндө жүргөн адистер, карантин мезгилинде сабактар үзгүлтүккө көп учураган жок деп айтып жүрүштү. Баары онлайн режимине тегиз өттү, теле сабактар максаттуу уюштурулуп, көрсөтүлүп жатты. Баса белгилей кетчү нерсе онлайн окутууга мектеп мугалимдери жана ЖОЖдордун окутуучулары даяр эмес эле. Аймактарда иштеген мугалимдерибиз компьютерди

пайдаланууну толук өздөштүрбөгөндүгүн моюндарына алышты. Көпчүлүк адистер онлайн окутуунун технологияларын түшүнө албай кыйналган учурлар болду, мугалимдер эле эмес, окучуулардын өздөрү жана ата-энелери тап-такыр даяр эмес эле. Онлайн билим берүүдөгү эң негизги ресурстар интернет булактары, компютердин жетишсиздиги эң чон көйгөйлөрдү жаратып турду. Илимий анализдердин негизинде пандемиянын айынан Борбор Азия чөлкөмүндөгү 5-6 миллион окуучу мектепке барбай, билим ала албай калганы айтылат [7]

Ата-энелердин балдарына үй-тапшырмасын аткаруудагы кылган мамилелерин, кыйынчылыктарын соц.тармактардан көрүп, күбө болуп жаттык. (You Tube, Facebook, Instagram) Ошондой эле ЖОЖдордун окутуучулары дистанттык окутуу менен онлайн окутууну ажырата албай кыйналгандарын да байкадык. Онлайн окутуу деген эмне? Онлайн окутуу-бул интернет же социалдык тармактар аркылуу окутууну айтабыз. Бул мугалим өзүнүн окуучулары менен синхрондук (түздөн-түз) жана асинхрондук (тапшырмаларды жиберип, кайра текшерүү) байланышта болуусун билебиз. **Онлайн окутуунун** тарыхына бир аз токтоло кетсек, Европа өлкөлөрүндө 18-кылымдын аягында үзгүлтүксүз жана жеткиликтүү почта кызматынын пайда болушу менен (корреспонденттик окуу) пайда болгон. Студенттер окуу материалын почта аркылуу алышып, мугалимдер менен кат жазышып, ишенимдүү адамга же илимий иш түрүндө экзамендерди тапшырышкан. Ал эми Россияда бул ыкма 19-кылымдын аягында пайда болгон. 20-кылымдын башында тез технологиялык өсүштөр байкалып, телеграф жана телефон пайдалана башташат [6] Бирок аларды окутууда колдонгону боюнча далилдерди таба албадык. Онлайн окутуунун жолдорун, технологияларын чет өлкөдө билим алган Кыргызстандык белгилүү агартуучулар өз ойлору менен телевидение, соц.тармактар аркылуу бөлүшүп турушту Д.Шаматов, А.Ибраев, К.Сайназаров ж.б.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** Дистанттык технологияларды пайдаланып окутуунун бир канча эффективдүү делген форматтарын билебиз. Алар а) blended learning, b) online learning [1]

Blended learning-программасын чет өлкөлөрдө көп колдонуп келе жатышат жана анда окуган студенттер же магистранттар окуу жайына жылына 3-4 жолу эле келишет. Калган убактарда иштей беришет дагы ошол жактан тапшырмаларды аткарып, белгилүү мөөнөттө онлайн сабактарга катышып турушат.

Дүйнө жүзүндөгү эң алдынкы деп аталган окуу жайларды белгилесек Чикаго университети (АКШ), Швейцариянын Федералдык технология институту Цюрих (Швейцария) Лондон Императордук колледжи (УБ) Принстон университети (АКШ) ж.б окуу жайлардын пандемия убагындагы иш-тажрыйбаларына байкоо жүргүзүп көргөндө, аларда бизде болгон

кыйынчылыктарды таба албадык. Себеби, алар окуу процессин бүт электрондук форматта алып өтүшкөн. Learning Management System (LMS) порталына бардык окуу программасы жүктөлүп, ал окуу иштерин башкаруу системасы Moodle программасына кирип, силлабусту жүктөп, жадыбалды түзүп, адабияттарды көрсөтүп, тапшырмаларды салып, баалоо критерийлерин жазып жүктөшүп коюшат[2] Студенттер өздөрү кирип, тапшырмаларды аткарып, иштелген тапшырмаларды кайра Moodle программасы аркылуу жөнөтө алышат. Алган бааларын да, кемчиликтерин да көрө алышат. Тилекке каршы биздин окутуучулардын, студенттердин көпчүлүгү али күнгө чейин бул программа менен тааныштыгы жок. Moodle программасы деген эмне? Moodle программасынын абдан көп функциялары бар. Алдынкы университеттерде студенттер тез-тез Moodle программасы аркылуу окутуучулары менен белгиленген убакытта BIG BLUE BUTTON программсы аркылуу байланыша алышат.

Бул программа аркылуу студенттер менен алдын-ала берилген суроолор боюнча түз байланышып, ангемелешип, ой-пикирлерин угуп, талкуулап, тапшырмаларды бере алышат. Бул программанын жакшы жагы окутуучулар студенттердин кайсы убакта кирип жатканына, алардын кыймыл аракетине көзөмөл кыла алышат, суроо-жооп мүмкүнчүлүгү, интерактивдүү методдорду колдонгонго, долбоорлорду аткарууга жакшы мүмкүнчүлүктөр жаралат. Андан сырткары ADOBE CONNECT программаны да эффективдүү пайдаланып келишкен жана азыркы убакта да пайдаланып жатышат[8].

Алдынкы университеттерде дистанттык окутууга караганда онлайн окутууда студенттерге системалуу түрдө сабактарды тийиштүү көлөмдө окутуп, жакшы жыйынтыктарга жетип жүрүшкөн. Биздин өлкөбүздө пандемия мезгилинде эң көп колдонулган ZOOM программасы жана WHATs App болду.

**Изилдөөнүн натыйжалары.**

Өлкөбүздүн билим берүү тармагында эмгектенген мыкты агай-эжелер жаңы технологияларды өздөштүрүүгө чын дилинен аракет жасашып, түрдүү семинар-тренингдерге катышып, электрондук программаларды колдонуп сабак өтүп башташты. Мурдагыга караганда онлайн окутуу жакшы жолго коюлуп калды.

**Онлайн окутуунун оң жактары.**

-Онлайн куралдарды колдонуу менен кызматташуу көндүмдөрүн алуу.

-Предметтерди жакшыраак түшүнүү жана үйрөнүү үчүн мугалимдер менен жекеме-жеке баарлашуу мүмкүнчүлүгү.

-Иш жана үй-бүлө менен графикти тууралоо, карьералык мүмкүнчүлүктөрдү табуу жана эл аралык семинарларга катышуу, пикир алмашуу ж.б

-Чыгымдар азайат: мисалы жол кире, тамаш-аш, жатаканага акча кетпейт;

-Онлайн окутуу ийкемдүү жана ыңгайлуу, студенттерге каалаган жерде окууга жана үйрөнүүгө ыңгайлуу болду.

-Көптөгөн студенттер иштөө мүмкүнчүлүктөргө ээ болушту.

-Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн билим алууга жакшы шарт экенин далилденди.

**Онлайн окутуунун терс жактары.**

-Айрым убактарда студенттер менен өз-ара аракеттенүү реалдуу убакытта ишке ашпай жаткандыгын байкай алдык.

-Онлайн окутуу көп материалды, түйшүктү камтыйт.

-Кээ бир окутуучулар студенттерди, окуучуларды көзөмөлдөй албай, ошондуктан жөн гана тапшырма берип коюп жатышкандыгын билдик.

-Интернеттин жай иштеши, алыскы аймактарда интернеттин жетишсиздиги, телефондун эскилиги, бир үй-бүлөдө 3-4 балага бир телефондун болушу, планшет, ноутбуктун жоктугу;

-Теле сабактарда кайтарым байланыштын жоктугу;

-Онлайн окутууда мугалим окуучунун физикалык жана психологиялык абалын толук түшүнө,көрө албастыгы;

-Онлайн окутуунун тартибин окутуучулардын жана студенттердин биле бербестиги ж.б. көйгөйлөрдүн болуусу.

**Корутунду**

Макаланын негизги максаты коомубузга онлайн окутуу же болбосо дистанттык билим берүү программалары зарыл экенин, ааламдашуу шартында күтүүсүз келген кыйынчылыктарга даяр болуубуз, жаңы, заманбап технологияларды өздөштүрүү ар бир билимдүү инсандын милдети экендигин билүүбүз керек. Билим берүү жаатында салттуу окутуп жатканда, артта калган биздин системабыз онлайн окутуу шарттарында жакшы эмес жыйынтыктарга жетишкендигибизди жашыра албайбыз.

Онлай окутуу жаңы, өзгөчө технологияларды талап кылды. Пандемия мезгилинде окутуучуларыбыз лабораториялык, практикалык өтө көп көндүмдөрдү үйрөнүүсү зарыл экенин, виртуалдык чындык, 3-4 өлчөмдүү моделдөө сыяктуу программалар иштелип чыгуусу зарыл экенин изилдей алдык.

Билим берүүдө окуучууларды рамкада кармабай мектептерде, үй-бүлөдө өз алдынчалуулукка үйрөтүү, кандай шарт болбосун билим алуу эң биринчи кезекте окуучунун өзүн керектигин айтып туруу агартуучулардын

милдети экендигин белгилегибиз келди. Илим-билимдин жаңы ачылыштары, технологиялык жаңылыктар, билим берүүдөгү жаңыча ыкмалар, студенттердин билимин заманбап баалоо боюнча көп нерселерди үйрөнүүбүз зарыл экенин изилдөөбүздө байкай алдык.

**Адабияттар**


1. Андреев А.А. Дидактические основы дистанционного обучение в высших учебных заведениях Москва МГУ 2018г. С.18
2. Бахарев С.С. Различные мультимедийных средств с организации С Р С Саранск 2002г. С. 50-52
3. Гусев Д.А. Отметил преимущество удаленного управления http://e-college.ru/e-learning/analytics/a0004/
4. Зайченко Т. Р Основа дистанционного обучения: Теоретические и практические основа . Учебник Санкт-Петербург 2004г. 167 стр.
5. Муслимова Н.А.,Усмонбаева М.Х, Инновационные образовательные технологии: Ташкент 2013. С. 113-115
6. Полат Е.С., Моисеева М.В, Петров А.Е. « Педагогические технологии дистанционного обучение» Москва. Academy 2006
7. Чыныбаева Бактыгүл Ойго салган онлайн окутуу.Азаттык үналгысы.Бишкек.1.09.20.
8. Абдималик кызы Н.,Абдималик кызы Ж.,Авазбек кызы Г. Электрондук окуулуктарды окуу процессинде ҁолдонуунун жана иштеп чыгуунун ыкмалары.// ОшМУ жарчысы. 2021.№4, 21-26-б.